**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**

**ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ**
**АТАЙ АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**АТАЙСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин V чакырылышынын кезектеги I сессиясынын

№2 ТОКТОМУ

Атай айылы

13.03.2024-жыл

**“Атай айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемесин “Көк-Ирим айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемесине кошуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 “Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө” Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 “Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” Токтомун, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесин, “Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген “Юридикалык жактарды жана филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө” Жобону жетекчиликке алып Атай айыл аймагынын айылдык Кеңешинин V чакырылышынын кезектеги I сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

7. “Атай айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемеси жана “Көк-Ирим айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемеси бириктирүү жолу менен “Атай айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемеси болуп кайра түзүүгө макулдук берилсин.
8. Мекемелердин мүлкүн инвентаризациялоо жана өткөрүп берүү актысына кол коюу жагы Атай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.К. Жаныбаевке тапшырылсын.
9. Бул токтомдун аткарылышына көзөмөл жүргүзүүнү өз жоопкерчилигиме калтырам.

Атай айыл аймагынын
айылдык кеңешинин төрагасы Н.Т.Жээнбаев